**Колдонулган адабияттар:**

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. Респуб. мугалим. адис. берүүчү жогорку, орто окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. Б.:«Педагогика». 2001.-62 б.
2. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб.для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: «Академия», 1999. – 32 б.
3. Манас. Биринчи бөлүк. I китеп. – Ф.: Кыргызмамбас. – 1958. – 343 б.
4. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. I-к. Ф.: «Кыргызстан», 1978, – 63 б.
5. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. II-к. Ф.: «Кыргызстан», 1980, – 44 б.
6. «Манас» эпосу Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. III-к. Ф.: «Кыргызстан», 1981, – 231 б.
7. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ред. Э.Абдылдаев, Д.Исаев. Кыргыз ССР Илимдер Академиясы, Тил жана адабият институту. – Ф.: «Мектеп», 1969. – 22 б.

**References:**

1. Alimbekov A. Educational traditions of the Kyrgyz people. Republic. a teacher. specialist. educational tool for students of high and secondary schools. B.: "Pedagogy". 2001. - 62 p.
2. Volkov G.N. Ethnopedagogy: Textbook for middle and high school students. ped. study center. - M.: "Akademiya", 1999. - 32 p.
3. Manas. First part. Book I. - F.: Kyrgyzmambas. - 1958. - 343 p.
4. "Manas" epic according to the version of Sagymbai Orozbak uulu. I-k. F.: "Kyrgyzstan", 1978, - 63 p.
5. "Manas" epic according to the version of Sagymbai Orozbak uulu. II-c. F.: "Kyrgyzstan", 1980, - 44 p.
6. "Manas" epic according to the version of Sagymbai Orozbak uulu. III-c. F.: "Kyrgyzstan", 1981, - 231 p.
7. An explanatory dictionary of the Kyrgyz language. Ed. E. Abdyldaev, D. Isaev. Kyrgyz SSR Academy of Sciences, Institute of Language and Literature. - F.: "School", 1969. - 22 p.

УДК:82’282
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-18-26

**Дөөлөтбекова Гүлжамал Султанбековна**
К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университети, аспирант
**Доолотбекова Гулжамал Султанбековна**
Международный университет имени К.Ш. Токтомаматова, аспирантка
**Doolotbekova Gulzhamal Sultanbekovna**
International University K.Sh.Toktomamatov, graduate student

# “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРГӨ БАЙЛАНЫШКАН ДИАЛЕКТИЗМДЕР (С.ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА)

# ДИАЛЕКТИЗМЫ, СВЯЗАННЫЕ С ЧАСТЯМИ РЕЧИ В ЭПОСЕ «МАНАС» (ВЕРСИЯ, РАССКАЗАННАЯ С. ОРОЗБАКОВЫМ)

# DIALECTISMS ASSOCIATED WITH PARTS OF SPEECH IN THE EPIC "MANAS" (ACCORDING TO S. OROZBAKOV)

**Аннотация:** Улуттук көрөңгөнү муундарга өткөрүп берүүдө манасчы С.Орозбаковдун айтуусундагы вариант уникалдуу табылгалары менен айырмаланып турат. Кыргыз диалектология илиминде грамматиканын морфология бөлүмүндөгү сөздүк составдын түзүлүшүндө диалектилик сөздөр боюнча көркөм адабиятта жана фольклордо ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Аталган вариантта тактооч, сан атооч, сын атооч жана жөндөмө категориясына тешелүү болгон говорлордо кездешүүчү диалетилик сөздөр ыр саптарынын курулуш поэтикасына карай кандай шартта колдонулуш өзгөчөлүктөрү жана себептери тууралуу иликтенет.Көркөм тексттердеги диалектилик сөздөрдүн автор тарабынан колдонулуш деңгээли, ааламдашуу заманында көөнөргөн сөздөр менен катар кыргыз лексикасында диалектилик сөздөр унутта калбай жаңы багытта каралса деген ойду белгилейбиз. Манасчы С.Орозбаков көп аймакты кыдыргандыгы менен башка айтуучулардан айырмаланып, эпостун көркөмдүгүн артырууда көбүнчө аттама же шыдыр уйкаштыкты түзүү жана муун өлчөмүн сактоо аракетин көздөгөн. Жыйынтыгында лексиконундагы түрдүү сөз байлыктары тил илиминин диалектология багытындагы изилдөө обьектилеринин булагы болуп калды.

**Аннотация:** Уникальными находками отличаются версии, рассказанная манасчи С. Орозбаковым в передаче национальных богатств, передающего поколениям. В области грамматики морфологические диалекты в кыргызской диалектологии проводится комплексное изучение своеобразных слов в художественной литературе и в фольклоре. В этой версии рассматриваются условия, при которых диалектные слова встречаются в региональных диалектах, относящихся к категориям имени прилагательного, имени числистельного, местоимение и их наклонностей, особенности и причины употребления стихов применительно к поэтике построения. Отмечаем уровень использования автором диалектных слов в художественных текстах, а также то, что диалектные слова в кыргызской лексике, наряду с устаревшими в век глобализации словами, следует рассматривать в новом направлении. Манасчи С. Орозбаков, в отличие от других сказателей, много путешествовал, и для усиления красоты эпоса часто стремился создать гармонию и поддерживал баланс в текстах песен. В результате различные словари в лексике стали источником исследований в области диалектологии языкознания.

**Annotation:** The version told by manaschi S. Orozbakov in the transfer of national wealth to generations is distinguished by unique finds. n the field of morphology of grammar in the Kyrgyz dialectology is a complex study of dialect words in fiction and folklore in the composition of vocabulary. This version examines the conditions under which dialect words occur in dialects belonging to the categories of adjectives, numerals, pronouns and their inclinations, features and reasons for using poetry in relation to the poetics of construction. We note the level of use by the author of dialect words in literary texts, as well as the fact that dialect words in the Kyrgyz vocabulary, along with words obsolete in the age of globalization, should be considered in a new direction. Manaschi S. Orozbakov, unlike other storytellers, traveled a lot, and to enhance the beauty of the epic, he often sought to create harmony and maintain balance in the lyrics. As a result, various dictionaries in the vocabulary have become a source of research in the field of dialectology of linguistics.

**Негизги сөздөр:** диалекти, говор, тактоочтор, аффикс, сын атооч, сан атооч,жөндөмө категориясы,жомокчу, регион,лексикалык амал, вариант,уйкаштык

**Ключевые слова:** диалект, говор, имя прилагательное, аффиксы, местоимение, рассказчик, регион, лексический путь,числитеное, имя числительное, гармония,вариант.

**Key words:** dialect, adjective, affixes, pronoun, the narrator, region, lexical path, harmony, option.

**Тактоочтор боюнча.** Тактоочтор кыймыл-аракеттин бардык кырдаалын көрсөтүп, сөз түркүмдөрүнөн лексикалык, морфологиялык синтаксистик амалдар менен пайда болгон.
Амал менен ар түрдүү тарыхый мезгилдерде жасалган тактоочтор боюнча кыргыз говорлорунда азын-оолак өзгөчөлүктөр байкалат.

Лексикалык амал менен пайда болгон тактоочторду карап көрсөк. Лексикалык тактоочтор боюнча говордук өзгөчөлүктөр көп эмес, кээде алардын параллелдүү формалары бар. Жалпы кыргыздын **-эң, -абдан** менен катар түштүк говорлордо кеңири тараган **-жуда-жүдэ**, анын кыска түрү **-жа-жэ,** төмөн, ылдый менен катар **-пэс-пас, жогору-жокору** менен биргеликте -**бэлэнт-** сыяктуу тажик, өзбек тилдери аркылуу кабыл алынган сөздөр аз эмес.[Б.Юнусалиев "Кыргыз диалектологиясы",195]

Булардын ичинен **-жуда-жүдэ** тактоочу кээде сын атоочтун күчөтмө даражасы адабий тилде жана көпчүлүк говорлордо колдонулуучу **эң,өтө,чылк,чымкый,абдан, мүлдө** сыяктуу бөлүкчөлөрдүн жардамы менен уюшулган, түштүк говорлордогу **-чым,-тым,-куп,-ого-,чондон,-бечен** сыяктуу сөздөрдүн катарында колдонулушу да мүмкүн.
Ополу адабий көркөм чыгармалардан бул сөздөргө мисал келтирүүгө болот:

Таш көмүр <u>жүда</u> күчтүү экен,темирди тим эле суу кылып эритип кетти. Ушунчалык узактан келатып кадырдан кишиникине бурулбай өтүп кетсеңиз <u>жүда</u> куник болуп эле.

Чыгармалардын кээ бирлеринде кездешкен бул өзгөчөлүктөр көбүнчө туштүк диалектинин өкүлдөрүнүн речинде колдонулгандыгына байланыштуу чыгарманын авторлору каармандардын оозеки кебинде берет.

Муну менен катар -**жуда,куп,пас-пэс** сөздөрү "Манаста" да кездешет.

Алма бадам **<u>жүда</u>** бар
Алча жузум бу да бар [II т,354]
Бир жумадан бир жума
Эмен жыйып **<u>жуп жуда</u>** [II т,149]

Маанайым бас,айлым аз,башым таз
Өз тууганым озүмө кас [II т,12,]
Канзаададан канча бар
Бекзаададан бешөө бар
Балаа кылды калмак деп
Пастады биздин арбак деп [IVт, 241]
Дамбылда туруп кеп айтат
-Баракелде, Байжигит
<u>Куп</u> жоруду деп айтат[I т,48]

<u>"Куп"</u>**-** десең, кулдук урамын
Кудай буйруса насипти

Кубанычтын үстүндө
Куда болуп турамын [I т,62]
Кулак салып эр Манас
Көнүлүн басып куп жайлап
Өз дүнүйөм бөлүнсүн
Өлгөнүм журтка билинсин! [III т, 19]
Куп көрөм элдин келгенин
Айтууга албай тим болду
Кудайы кылып бергенин [III т, 74]
Он эки көйнөк, ак дамбал
Ак чүчтө көйнөк суп дамбал
Казатка кийсең куп дамбал[IVт, 91]

**Куп**- көбүнчө сын атоочтун даражасы катары ыр тизмегинде, уйкаштыкты, ыргакты сактоо менен айтуучунун өзгөчө индивидуалдуулугуна байланыштуу. "Куп"- ад.т. "макул", "өзүндөй", "төп келген" деген мааниде берилет.

Тактоочтор боюнча сөз болуп жатканда -**энди** (ад.т. "эми") сөзүн алууга болот,анткени бул түрү да тактоочтун лексикалык жолу менен пайда болгон. Түштүктүн диалектисинде Ош облусунун бир катар региондорунда жана ичкилик говорлордо кездешүүчү, бирок адабий тилде такай "эми" сөзү менен гана колдонулган бул айырмачылык оозеки кепте көп колдонулуп,өтө сиңишип кеткендигинде.

Бул боюнча эпостон мындайча берилет:

Энди үйүңө кет деди
Энең кылды мазакты[I т, 38]
Энди Ошпурга кеп айтат [I т, 104]
Олтурабыз бул жерде
Жүрөлүк энди жолдо деп[I т, 97]
Жата турсун ал бойдон
Жакып байдын жумушун
Калайык карап энди ойлон[II т, 356]
Энди Манас иш кылар
Аягында апарып
Жалпы баарыңарды бирден мыш кылар[IV т, 37]
Энди Манас эсеп айтат
Ээ,Кыргылчал деп айтат [IV т, 78]

Аталган айырмачылыктар эпосту айтуучулардын ичинен түндүк говордун өкүлү болгон С.Орозаковдун вариантында кездешүүсү анын жаштайынан коңшулаш тажик, уйгур,өзбек, казак элдерин, кыргызстандын бардык региондорун кыдырып айткандыгына байланыштуу. Ошол чөлкөмдүн тилдик өзгөчөлүктөрүн мыкты өздөштүрүп эле калбай, күнүмдүк оозеки кебиндеги сейрек кездешкен сөздөрдү да колдонуп айтуусу, жомокчунун оозунан Ы.Абдырахмановдун кандай айтса ошондой калыбын бузбай, кыргыз адабий тили толук тактала элек убакта жазып алгандыгы үчүн да мындай диалектилик айырмачылыктар арбын болгондугу менен шартталат.Бул демек, өз кезегинде "Манас" эпосунун көп кырдуу изилдөө обьектиси, тил жаатындагы баалуу тилдик материал болуп бере алгандыгы болуп саналат.

**Сан атоочтор.** Кыргыз тилинде сан атооч сөз түркүмү боюнча айырмачылыктарды берүүдө диалектологияда авторлордун ар түрдүү бөлүштүрүүлөрү кездешет. Бул бир четинен сан атоочтордун формаларынын байыркы түспөлдөрүнүн сакталышына, айрым сөздөрдө кээ бир тыбыштардын түшүп калышына, башка тилдерден айрым формаларды кабыл алууга байланыштуу ж.б себептерге байланыштуу.

Байыркы сан атоочтук формалардын грамматикалык өзгөчөлүктөрү татаал санактардын уюшулушунда "миң" саны айтылбай ондуктардан кийин "жүз" келип, бирок миңдин маанисин билдирет. Азыр түштүк-батыш диалектисинин говорлорунда татаал сан атоочтордун ошол эски формасы менен катар жаңы (адабий тилдеги) формасы да бирдей, параллелдүү колдонулат.

Он бир жүз // бир миң бир жүз
Он алты жүз // бир миң алты жүз
Жыйырма жүз // эки миң ж.б

Сан атооч сөз түркүмүндөгү мындай айырмачылыктарды "Манас" эпосунан байыркы форма менен берилгенин саптык ыр уйкашындагы сөздөрдүн маанилик ширелишкенинде көрөбүз:

Чынжырга салган жол менен
Камбардын уулу Айдаркан
Кырк алты жүз кол менен[II т, 112]
Он беш жүз миң кол менен
Орто көчө жол менен[II т, 14]
Отуз жүз миң кол менен
Ошонун баары аман деп
Башка журт аман болгон соң
Так эле сенден бир киши
Жоголгону жаман деп [III т, 45]

**Сын атоочтор.** Сын атоочтор боюнча Б.М.Юнусалиевдин бөлүштүрүүсү боюнча төмөнкүчө көрсөтүлөт:

1.Жалпы элдик формалар менен катар ошол эле мааниде башка параллелдүү формалардын колдонулушу;

2. Кээ бир жалпы элдик формалардын же активдүүрөөк колдонулушу;

3. Башка тилдерден кабыл алынган формалардын колдонулушу

Биринчи топтогу параллелдүү формаларга мүнөздүү мааниси жагынан жакын же бирдей параллелдүү форма түзүүчү сын атоочтук мүчөлөрдөн түштүк говорлордо **-ак-аак,-как-каак-кы, агач-аган** түндүк говорлордо ошол эле мааниде -**анак-анаак,-аган-**учурашын көрсөтөт [Юнусалиев Б.М Кыргыз диалектологиясы,-184,185]

Мисалы, **Түштүк говорлордо**: Качаган, качак, качаак,качкак,качкы,качык

**Түндүк говорлордо:**Качанак,качаанак**,** качаган**,** качааган ж.б

Келтирилген мисалдардын ичинен "качкы" жана "качак" формасы "Манас" эпосунда жаныбарга жана адам баласына карата айтылганын көрөбүз.

Минтип мунун болбос деп
Качкы атты минсе канкоруң
Кан Коңурбай койбос деп
Өткөрүп аны салыптыр
Өкүм кара ат барыптыр [III т, 242]

Качып тоого кан Шооруk

Кара жанын калкалап:

Кытайдан качкан качак деп,

Маңгулдан качкан байкуш деп

Байкабай барып кол салдым. [II т, 164]

Сын атооч уңгуларга кээде өнүмсүз мүчөнүн негизинде пайда болгон говорлорго тиешелүү өзгөчөлүк **-ымтал-**формасы бар. Бул түштүк диалектинин ичкилик говорлорунда **-сарымтал-** // адабий тилде **-саргыч-,** ичкилик говор**-кызымтал-**//ад.т **кызгылт, кызгылтым** түрүндө кездешет. Ал эми эпосто төмөнкүчө берилет:

Чырымтал жүнү чылк алтын

Текөөрү болот темир дейт

Серпкени өлгөн себил дейт . [I т, 29]

Чырымтал сөзү учурда көөнөргөн сөздөрдүн катарында көркөм адабияттарда автордун речинде кезиге калып жүргөнүн байкайбыз. Мааниси жаңы төрөлгөн жаш баланын денесиндеги же канаттуулардын балапандарынын денесиндеги сары түктү түшүндүрүп, эпосто канаттуунун жүнү экендиги ыр тизмегинде айкын көрүнүп турат.

Ал кезде мен чырымтал , сен кырчын (Жоомарт Бөкөнбаев).

Ал эми жомокчунун вариантында мындай мисалдар сейрек колдонулуп түштүк говордо да айрым гана учурларда оозеки кепте кездеше калганын байкоого болот. Айрым фактыларга таянып, -**ымтал(ымтыл**) мүчөсү адабий тилдеги -**гылтым-** мүчөсү метатезаланган тыбыштары алмашкан түрү деп божомолдоого болот. Бул боюнча башка изилдөөчүлөр да сөз жасоочу мүчөлөрдүн бир канчасы метатеза жолу менен пайда болгондугун ишенимдүү белгилешет.-**ымтал**- мүчөсүнө **-дуу-**мүчөсүнүн уланып сын атоочтук маанисин өзгөртпөй эле келген учурлары бар:

Жалгыз жолго салганым,

Кызымталдуу бир кылыч

Жолдон таап алганым. [II т, 213]

Байыркы түрк эстеликтеринин тилинде жыш учураган **-ыг(-иг)-** мүчөсү кыргыз говорлорунда ар түрдүү вариантта колдонулат. Дифтонг түрүндө же созулма үндүүгө өтүп,болбосо аягындагы үнсүз тыбыш түшүп кээде байыркы тыбыштык абалын өз калыбында сактап (г тыбышы каткалаңдашып, к тыбышына өтүп) айтылат.

Диалектилик өзгөчөлүк катары кысык-бул көзгө карата айтылып,”**жүлжүк”,бүтүк”** деген маанини билдирет, **сарык-“сары”** деген мааниде ж.б.Аталган мүчөнүн байыркы формада сакталып айтылышы түштүк говорлорго көбүрөөк басымдуулук кылып, түндүк говорлордо туруктуу сөз айкаштарында, макал-лакаптарда ( улук болсоң, кичик бол деген сыяктуу) же айрым сөздөрдө гана кезигет. (кыштак, өлүк,ысык, кайрык )ж.б.

Мындай өзгөчөлүктү Талас облусуна караштуу Покровка Буденный райондорунда жашаган калктын тилинде кездешерин ф.и.д,проф. Ахматов диалектология боюнча эмгегинде атап өткөн**. -ык** аффикси адабий тилдеги -**гак-** аффиксине туура келет да өзбек тилдеринде жана кыргыз тилинин түштүк говорунда учурайт . Мисалы, Тетиногу курук отун. Бистин жеривизде өткөн жылы курукчулук болгон. Оногу курук эттен салың.

.

Бир кыйла элдин кеби бар

Кеңешип билчи баарыңар

Катта-кичик, карыңар [II т, 16]

Уй деген бар улук мал

Урматтуу сөзүм угуп ал [III т, 16]

Улук-кичик алгын деп

Убара болом дегениӊ

Ушу бойдон калгын деп

Улактырып ыргытып

Ак теӊге чачып өткөнү[III т, 59]

Сандыргасы санда жок,

Салтанаты жанда жок,

Улук бейил анда жок

Санирабийга чыгыптыр [II т, 16]

**Ык**-аффикси адабий тилдеги созулма **-уу-**мүчөсүнүн кыскарган формасында келишинин диалектилик өзгөчөлүктөрдө кездешиши “каттык” -катуу ад.т., “талык” – талуу ад.т., “жылык”- жылуу ад.т.( “ысык-жылык” мааракада -маареке ад.т.) ж.б

**Жөндөмө категориясы**

Зат атоочтун жөндөмө категориясы боюнча мүчөлөрү б.а. грамматикалык формалары бардык кыргыз говорлорунда белгилүү деӊгээлде жалпылык бар.

Антсе да арасынан табыш жөндөмөдө адабий тилдеги **-н-** тыбышы же мүчөсүнүн ордуна **-ны-(-ну-ни-нү)** ичкилик говорлорундагы мүчөсү бар экенин белгилей кетели.

Жаман өзүнү билвейт,жакшыны көзүгө илвейт (макал Ноокат р)

Жыргалдын көрдү күнүнү

Үйрөндү орус тилини

Уккусу келет Малике

Баласынын үнүнү(Барпы)

“Манас” эпосундагы бул өзгөчөлүк кеӊири учураганын байкайбыз. Эл аралаган жомокчунун түштүк региондорундагы тилдик айырмачылыктарды кылдат өздөштүргөнүнө тан бересиӊ.

Култаӊдын укту сөзүнү

Куп келдиӊ деди өзүнү[I т, 79]

Азыр берсин жообуну

Алайын арбын сообуну

Качканын айтсын жашырбай

Ачып берип жолуну[II т, 116]

Катуу салып суруну

Үзүп турсун куруну[Iт, 106]

Ойлонгун деп ушуну

Аӊдыган экен Эсен кан

Кыргыздын кылар ишини [V т, 256]

Атемирдин сөзүнү

Анык угуп алышты,

Алиги чаркар супага

Банар алып барышты[II т, 274]

Адабий тилдеги **-н-** мүчөсү үндүү тыбыштардан кейин келип, ритмдик саптардагы ыргактык күүсүн сактап, табыш жөндөмөсүнүн өзгөчө жөндөлүш фактылары зат атооч сөздөрдө гана кезигип, бир кыйла жыш колдонулушун шарттайт.Сагымбай Орозбаков түндүктө жок бул жөндөмөнүн колдонулушунда көркөмдүк ролун эӊ кылдат, чебер баамдап

өзүнүн устаттыгын көрсөтө алган. Максатына көңүл бурсак көбүнчө аттама же шыдыр уйкаштыкты түзүү жана муун өлчөмүн сактоо аракетин көздөгөн. Мисалы,

Бай Жакып айтты түшүнү
Байбиче билди ушуну
Кондурат экен кудайым
Башына дөөлөт кушуну [I т, 115]

Ыр саптарынын аягында **түшүнү, ушуну, кушуну** сөздөрү уйкашты. Түш, куш сөздөрүнө 3-жактын таандык мүчөсүнө ичкиликтерге мүнөздүү табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү уланышы менен уйкаштык түзүлсө, ал эми -ушу- сөзүнө адабий тилдеги табыш жөндөмөсү жалганып шыдыр жана аттама уйкаштык камсыз болду.

Жогоруда Жакыптын көргөн түшү кадимки түштөрдүн бири эмес. Келечекте балалуу боло турганын, жогоруда атайын эскертилгендей, кереметтүү түш. Аны атайылап басым жасап, айырмалап көрсөтүү максатында манасчы ичкилик жөндөмөсүнө таандык өзгөчөлүктү атайылап колдонушу стилдик ыкма экендигин бөлүп көрсөтүү ылайыктуу.

Андан сырткары жактама ат атоочтун кээ бир эмгектерде (беттеме ат атооч деп берилет) барыш жөндөмөдө созулма аа менен берилиши бар. Мисалы, **-маа,-саа,-аа** болуп келиш

Сураганда аа бербеген, санды саа ким берди. Маа кысты издетти.[Бакинова Г.Ыссык-Көл говорунун материалдарынан-Ф, 1955, 6-7]

Бул өзгөчөлүк түндүк диалектинин Ысык-Көл говоруна тиешелүү болгондуктан С.Орозбаковдун речинде сакталып калгандыгын көрөбүз:

Мында кызмат кылайын
Жолдош кошун берсең маа [II т, 34]

Дөңгүлү калаа-Кемин шаа
Дат айтамын журтум саа [II т, 153]

Кылычым болду жолборс
Жолборс болду маа жолдош [II т, 279]

Жактама ат атоочтордун барыш жөндөмөдө туруп айтылган формасында дагы бир өзгөчөлүк бар. Бул **мага, сага, ага** дегендин ордуна **маган, саган, аган** болуп **(н)** тыбышынын кошулуп айтылышына байланыштуу. Өзбек тилинин кээ бир кыпчак говорлорунда да ушул форма учурайт. Мындай айтылыш азыркы казак тилине да мүнөздүү.Биздин тилибизге адабий норма катары кабыл алынбаган мындай диалектилик факт айрым көркөм чыгармалардан да орун алып калган.

Мисалы, Аскалуу зоого мен үн кошподум, аскалуу зоо маган үн кошту.[К.Жантөшев. Каныбек,125] Мен саган жаман айтып, көңүлүңдү калтыра элекмин.[ошондо,186].Жана чечилип аган сырын берип, баштагыдай анын сырын билиштен баш тартат.[Т.Сыдыкбеков. Кең-Суу,56]

Ал эми эпосто мындайча кездешет:

Айбиче саган мал кызык
Бул кундө мага бала ысык
Олтурамын бул жерде
Ыйлап саган алышып?! [Iт, 25]

Карыя Кошой абаң деп
Мен да жардам саган деп

Эр Кошой сүйлөп салыптыр [III т, 75]

Азыноолак кеп кылганыбыздай тилдик кубулуштар көп кырдуу болгондуктан эпостун тилиндеги өзгөчөлүктөр окурманга табигый түрдө эч кандай кыйынчылыгы жок кабылдоого жана түшүнүүгө ылайыкталган.

**Колдонулган адабияттар:**


1. ”Манас” эпосу 1-том Фрунзе: 1982
2. “Манас” эпосу 2-китеп Фрунзе: Кыргызстан 1980
3. “Манас” эпосу 3-китеп
4. “Манас” энциклопедиясы. Т.1-Б.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы,1995
5. Бекназаров К. Кыргыз жазуучуларынын чыгармаларындагы диалектизмдер,-Ф.,1987
6. Юнусалиев Б. Кыргыз диалектологиясы -Ф.,1971
7. Юнусалиев Б. Тандалган эмгектер.-Ф.,1985


**References:**


1. "Manas" epic volume 1. Frunze: 1982
2. "Manas" epic book 2 Frunze: Kyrgyzstan 1980
3. "Manas" epic book 3
4. "Manas" encyclopedia. Vol. 1-B.: Main editor of the Kyrgyz encyclopedia, 1995
5. Beknazarov K. Dialectisms in the works of Kyrgyz writers, F., 1987
6. Yunusaliev B. Kyrgyz dialectology - F., 1971
7. Yunusaliev B. Selected works.-F., 1985


УДК 09 00 03
DOI 10.33514/ BK-1694-7711-2022-2(1)-26-35

**Дүйшөнбаев Папан Эргешович**
«Манас» жана Ч. Айтматов Улуттук академиясы, башкы адис
**Дуйшенбаев Папан Эргешович**
Национальная академия “Манас” и Ч. Айтматова, главный специалист
**Duishenbaev Papan Ergeshovich**
National Academy "Manas" and Ch. Aitmatov, chief specialist

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ДИНИЙ КӨЗ КАРАШТАРЫ
## ВЗГЛЯДЫ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА НА РЕЛИГИИ
## CHINGIZ AITMATOV'S VIEWS ON RELIGION

**Аннотация:** Макалада Чынгыз Айтматовдун көркөм жана публицистикалык чыгармаларындагы диний көз караштары талданып, жазуучу негизинен саясатта космополиттик көз караштарды карманса, ал дин маселесинде да жалпы адамзаттык кызыкчылыктарга артыкчылык берип, дүйнөлүк диндердин ассамблеясы тууралуу кыялы жөнүндө айтылат. Айтматов исламды тутунган үй-бүлөдө төрөлгөн, пайгамбарды “менин Мухаммедим” деген, чыгармаларында Курандын улуулугуна арналган саптар аз эмес, бирок ал жалпы адамзаттын кызыкчылыктарына артыкчылык берген. Диндер жана ишенимдер бири-бирине каршылашып, душман болбостон биримдикте, ынтымакта болуусун, жалпы